Ош мамлекеттик университетинин студенттерин практикадан өткөрүү боюнча

# КЕЛИШИМ

Ош шаары 3 - 04 2023-жыл

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Г. Кожобеков, мындан ары «ОшМУ», ОшМУнун Уставынын негизинде аракеттенүүчү, бир тараптан, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын директору Т.Ж.Абдыкаров, мындан ары «КР ДИМК», экинчи тараптан, практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**I. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы милдеттенет:**

1.1.КР ДИМКнын Түштүк аймактык бөлүмүндө ОшМУнун Теология факультетинин студенттерин календардык планга ылайык практикадан өткөрүүгө уруксат берүү;

1.2. Практиканын толук кандуу өтүшүнө шарт түзүү;

1.3. Факультет менен илимий–усулдук иштерди биргеликте аткаруу;

1.4. Бөлүмдүн кызматкерлерин практиканттарга насаатчы-жетекчи кылып бекитип берүү;

1.5. Практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган отчеттун сапатына баа жана мүнөздөмө берүү.

**II. ОшМУ милдеттенет:**

2.1. КР ДИМК ТАБга практиканы өткөрүүнүн планын жана программасын сунуштайт;

2.2. Практика жетекчисин жана усулчусун дайындайт;

2.3. Зарыл практика программаларын, усулдук жана колдонмо куралдарын КР ДИМК ТАБдын кызматкерлери менен биргеликте түзөт;

2.4. Илимий –усулдук иш чараларды КР ДИМК ТАБ менен биргеликте аткаруу;

2.5. КР ДИМК ТАБдын кызматкерлерине усулдук жактан жардам берүү;

2.6. Илимий-усулдук конференцияларды өткөрүү.

**III.Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар Кыргыз Республикасынынын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан ОшМУнун, экинчи тараптан КР ДИМКнын жетекчилери кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2023-жылдан 2028-жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлүп, бири ОшМУда, экинчиси КР ДИМКда сакталат.

Юридикалык даректери:

Ош мамлекеттик университети: 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү 331.

КР ДИМК: Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, №43.

| | |
|---|---|
| ОшМУнун ректору | КР ДИМКнын директору |
| проф. К.Г.Кожобеков | Т.Ж.Абдыкаров |
| "___" ________ 2023-жыл | ________ 2023-жыл |